КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 10-июлу №38 Кызыл-Октябрь айылы

**Акназаров айыл аймагынын Мамыт у.Абдырахман атындагы Таш-Кудук орто мектебинин директору В.Асаналиеванын кайрылуусу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 10-июлундагы кезектеги 16-сессиясы Акназаров айыл аймагынын Мамыт у.Абдырахман атындагы Таш-Кудук орто мектебинин директору В.Асакналиеванын кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1.Акназаров айыл аймагынын Мамыт у.Абдырахман атындагы Таш-Кудук орто мектебинин жаны имаратынын сол каптал жагында жайгашкан 40 түп теректерди кесүүгө макулдук берилсин.

2. Мамыт у.Абдырахман атындагы Таш-Кудук орто мектебинин директору В.Асаналиева КР Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агентигинин Талас аймактык башкармалыгынан теректерди кесүүгө макулдук сурасын.

3. Мамыт у.Абдырахман атындагы Таш-Кудук орто мектебинин теректерин кыйганга 1чарчы метри 5000 сом өлчөмүндө белгиленсин жана кесилген теректер мектепке жумшалсын .

4.Токтомду аткаруу жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Э.Тургуновго милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Доулбековго жүктөлсүн.

6 Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

7.Ушул токтом Кыргыз Республикасыннын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**